**Кыргыз Республикасы**
**Ысык-Көл областы**
Жети-Өгүз району
Жаргылчак айылдык кеңеши
XXVIII чакырылышынын
4 сессиясы

**Кыргызская Республика**
**Иссык-Кульская область**
Жети-Огузский район
Жаргылчакский айылный кенеш
4 сессия XXVIII созыва

24.07.2021-жыл № 9

Ак-Терек айылы

# ТОКТОМ

## "Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин V1 бөлүмүнүн жоболорун жана принциптерин кароо жөнүндө"

Жаргылчак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2021- жылдын жергиликтүү бюджетине Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин V1 бөлүмүнүн жоболорун жана принциптерин кароо максатында Жаргылчак айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын 4 сессиясы **токтом кылат:**

1. Жаргылчак айыл кеңешинин 2021-жылдын 24-июлундагы № 9 токтомуна ылайык 2021- жылдын 6-айынын жыйынтыгы менен кирешелердин чыгашалардан ашык түшкөн акча каражаттарын төмөнкү бөлүмдөрүнө каржылоо үчүн киреше бөлүгүнүн планын көбөйтүп берүү жагы кошумча түзүлгөн сметага ылайык Кыргыз Республикасынын экономика жана финансы министрлигинин Жети-Өгүз райондук башкармалыгынан суралсын. 8 главасындагы "Бюджет аралык мамилелердин жалпы жоболору жана принциптери", 44- беренесинин 4-пунктуна ылайык, 2021- жылдын 6-айынын жыйынтыгы менен кирешелердин чыгашалардан ашык түшкөн акча каражаттарын төмөнкү бөлүмдөрүнө каржылоо үчүн киреше бөлүгүнүн планын көбөйтүп берүү жагы кошумча түзүлгөн сметага ылайык Кыргыз Республикасынын экономика жана финансы министрлигинин Жети-Өгүз райондук башкармалыгынан суралсын.
   70629-разделинин 311 беренесине – үрөн алууга 300,0 миң сом,
   эксковатор техникасын алууга - 6043,0 миң сом жана бодо малдарга колдонуучу УЗИ апаратына - 400,0 миң сом.
   Баардыгы: 6743,0 миң сом.

2. Жаргылчак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаев жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Н.К. Ишебаев акча каражатын максаттуу чыгымдоо жагы милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңещинин туруктуу комиссиясына жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

Төрага Ж.Ж. Молдакунов

*Кыргыз Республикасы*
*Ысык-Көл областы*
Жети-Өгүз району
Жаргылчак айылдык кеңеши
XXVIII чакырылышынын
7 сессиясы

*Кыргызская Республика*
*Иссык-Кульская область*
Жети-Огузский район
Жаргылчакский айылный кенеш
7 сессия XXVIII созыва

30-декабрь 2021-ж.. № 22

Ак-Терек айылы.

# ТОКТОМ

## Жаргылчак айыл өкмөтүнүн 2021-жылдын бюджетинин аткарылышы, 2022-жылга бюджетин жана 2023-2024 жылга долбоорун бекитүү жөнүндө

Жаргылчак айыл өкмөтүнүн финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Н.Ишебаевтин билдирүүсүн угуп жана айылдык Кенештин финансы бюджет боюнча туруктуу комиссиясы менен талкуулап Жаргылчак айыл кеңешинин XXVIII-чакырылышынын 7 -сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.**Жаргылчак айыл окмотунун финансы экономикалык болумунун башчысы Ишебаев Нурбектин айыл окмотунун 2021-жылга бюджетинин аткарылышынын билдируусу эске алынсын.

**2.**Кыргыз республикасынын финансы министрлиги тарабынан 2022жылга берилген долбоорду талкуулап,айыл өкмөтүнүн расчеторунун негизинде жалпы киреше бөлүгү 36408,5 мин сом өлчөмүндө№ 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** 2022-жылга Жаргылчак айыл өкмөтүнүн жергиликтуу бюджетинин кирешелер 36408.5 миң сом жана чыгымдар 36408.5 миң сом көлөмүндө №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

**4.** Айыл өкмөтүнүн атайын каражаттары кирешелери 742,5 мин сом жана чыгымдар 742,5 мин сом өлчөмүндө бекитилсин.

**5.** 2023-жылга бюджеттик долбоору №3 тиркемеге ылайык 36418.5 мин сом өлчөмүндө бекитилсин.

**6.** 2024-жылга бюджеттик долбоору №3тиркемеге ылайык 36428.5 мин сом өлчөмүндө бекитилсин.

**7.** Жергиликтүү бюджетке 2022-жылга жайыт акысынан келип түшүүчү киреше жана чыгашалар № 4 тиркемеге ылайык 237700 сом өлчөмүндө бекитилсин.

**8.**Айыл өкмөтүнүн апаратынын кызматкерлеринин 22,5 штат бирдиги 341945.6 сом айлык акы менен бекитилсин.

**9.** Спорт оюндарына 200,0 мин сом жана жыл ичинде майрам кундоруно 300,0 мин сом олчомундо бекитилсин.

**10**. Айылдык кеңештин төрагасына бир жолку төлөнүүчү жөлөк пул эмгек акысы жыл ичинде өткөргөн он сессияга 6 500 сом жана соцфондго 1 121 сом өлчөмүндө жана 2019 жылдын 8-августунун №115 мыйзамынын негизинде бир штаттык бирдиги айылдык кенештерге жоопту катчы айлык акысы 16490.0 сомдон ,соц фондусу 2844 сомдон бекитилсин.

**11.** Жергиликтүү бюджетке салык агенти толоочу киреше салыгы боюнча нормативдик чегерүүлөрдүн 100 пайыз өлчөмү айыл аймактарына калтырылгандыктан менчиктин баардык түрлөрүндөгү ишканалардан, уюмдардын пайдасынан, атуулдардын кирешелеринен, юридикалык тараптардан алынуучу жер салыктардан, жерди кайра бөлүштүрүү фондусунан алынуучу ижара акыдан, жергиликтүү бюджетке чегерүүлөрдүн өлчөмү №2 тиркемеде көрсөтүлгөн.

**12.** 2021-жылы төлөнбөй калган карыздар 2022-жылдын бюджетинин эсебинен бюджет комитетинин макулдугу менен төлөнүп берилсин.

**13**. Айыл аймактын айыл өкмөтүнүн бюджетинде каралган кирешелердин жана жыл ичинде болуучу чыгымдардын иш-чаралары толук өз багытында, акча каражаты 200,0 миң сомдон жогору болсо айыл аймактын айыл кеңешинин токтомунун негизинде үзгүлтүксүз түрдө ишке ашыруу, айыл өкмөттүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**14**. 2022-жылдын бюджетине түшкөн кирешелер биринчи кезекте корголгон беренелерди каржылоого жумшалсын.

**15**. Жергиликтүү бюджетке келип түшкөн атайын каражаттарын казынадан тышкары пайдаланууга тыюу салынсын, казнадан тышкары пайдаланылган каражаттар болсо тиешелүү деңгээлде өндүрүлүп бюджетке алынышы айыл өкмөттүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**16.** Айылдык бюджет боюнча жүгүртүлүүчү кассалык накталай каражат акчасы 100.0 миң сом көлөмүндө чектелсин.

**17.** 2022-жылга бекитилген бюджеттин чыгымдар бөлүгү жыл ичинде муктаждыктарга карата кварталдан кварталга, статьядан статьяга , классификациядан классификацияга айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу жана бюджет комитетинин макулдугу менен которууга мүмкүндүк берилсин.

**18.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жана депутаттардын бюджеттик туруктуу комиссияна жүктөлсүн.

**19**. Токтом 2022-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирсин.

Жаргылчак айыл кеңешинин төрагасы: Кызалаков Т.Д.

**_Кыргыз Республикасы_**
**_Ысык-Көл областы_**
Жети-Өгүз району
Жаргылчак айылдык кеңеши
XXVIII чакырылышынын
VIII сессиясы

**_Кыргызская Республика_**
**_Иссык-Кульская область_**
Жети-Огузский район
Жаргылчакский айылный кенеш
VIII сессия XXVIII созыва

14.01.2022-жыл № 23

Ак-Терек айылы

# ТОКТОМ

**“Жети-Өгүз райондук ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин кайрылуусу жөнүндө”**

Жети-Өгүз райондук ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин кайрылуусун карап чыгып, Жаргылчак айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын VIII сессиясы **токтом кылат**.

1. Жаргылчак айыл аймагында кылмыштуулуктун алдын алуу максатында жаңы үлгүдөгү видео көзөмөл камералары орнотуу үчүн 500 000 сом акча каражаты каралсын.
2. Жаргылчак айыл аймагында иш алып барган милициянын участкалык уполномоченныйларына күйүүчү май алууга 10 000 сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
3. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Жаргылчак айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Акматовго тапшырылсын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **Т.Д. Кызалаков.**

*Кыргыз Республикасы*
*Ысык-Көл областы*
Жети-Өгүз району
Жаргылчак айылдык кеңеши
XXVIII чакырылышынын
VIII сессиясы

*Кыргызская Республика*
*Иссык-Кульская область*
Жети-Огузский район
Жаргылчакский айылный кенеш
VIII сессия XXVIII созыва

14.01.2022-жыл № 24 Ак-Терек айылы

# ТОКТОМ

**“Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзунун (МСУ)мүчөлүк акысы жөнүндө”**

Жаргылчак айыл өкмөтү Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзуна мүчөлүк акысын төлөөгө макулдук берүү максатында Жаргылчак айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын VIII сессиясы **токтом кылат**.

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзуна 2021-2022-жылдары үчүн мүчөлүк акысын 26 000 сом акча каражатын төлөөгө макулдук берилсин.
2. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Жаргылчак айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Акматовго тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **Т.Д. Кызалаков.**

*Кыргыз Республикасы*
*Ысык-Көл областы*
Жети-Өгүз району
Жаргылчак айылдык кеңеши
XXVIII чакырылышынын
VIII сессиясы

*Кыргызская Республика*
*Иссык-Кульская область*
Жети-Огузский район
Жаргылчакский айылный кенеш
VIII сессия XXVIII созыва

14.01.2022-жыл № 25

Ак-Терек айылы

# ТОКТОМ

## “Тополёк лагеринин директору А.Д.Джунушевдин кайрылуусу жөнүндө”

Тополёк лагеринин директору А.Д.Джунушевдин кайрылуусун карап чыгып, Жаргылчак айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын VIII сессиясы **токтом кылат**.

1. “Тополёк” лагеринин курулуш иштери үчүн 100 000 сом акча каражаты каралсын.

2. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Жаргылчак айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Акматовго тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **Т.Д.Кызалаков**